| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br>АЛТЫН-АРАШАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АЛТЫН-АРАШАН |
| --- | --- |

**Алтын-Арашан жергиликтүү кенешинин биринчи чакырылышы**

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын** 20 ноябрь **№** 6 **Октябрь а.**

**Жаңы уюшулган “Алтын-Арашан айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесине“Октябрь айыл өкмөтү”, «Бөрү-Баш айыл өкмөтү», «Кара-Жал айыл өкмөтү» мекемелеринин документтерин өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” жобосунун негизинде «Октябрь айыл өкмөтү» мекемеси, «Бөрү-Баш айыл өкмөтү» мекемесин жана «Кара-Жал айыл өкмөтү» мекемесин бириктирилгендигине байланыштуу айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Жаңы уюшулган “Алтын-Арашан айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесине “Октябрь айыл өкмөтү”, «Бөрү-Баш айыл өкмөтү», «Кара-Жал айыл өкмөтү» мекемелеринин документтери өткөрүлүп берилсин.

2. Мекемелердин мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү-өткөрүп алуу актысына кол коюу жагы мекемелердин каржы бөлүмдөрүнүн башчыларына жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Э.М.Кулетовко жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Т Иманалиев**

Жиберилди: Иш кагазына-1, Юстицияга-2.